КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720040, Бишкек ш., Раззаков көч. № 59
тел.: (+996 312) 62 08 21; факс: (+996 312) 62 08 23
e-mail: cec@shailoo.gov.kg; www.shailoo.gov.kg

720040, г. Бишкек, ул. Раззакова № 59
тел.: (+996 312) 62 08 21; факс: (+996 312) 62 08 23
e-mail: cec@shailoo.gov.kg; www.shailoo.gov.kg

№ 01-11/640 «29» 05 2017

Сизд. чыг. (На) № ______

**Ош облусунун Араван
районунун С.Юсупов
айылынын жашоочусу
Р.Мамажоновго
тел.: 0550 78 74 61**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу тобу (мындан ары-Жумушчу топ) Сиздин 2017-жылдын 20-майында келип түшкөн даттанууңузду карап чыгып, төмөнкүлөрдү белгилейт:

2017-жылдын 21-майында Араван аймактык шайлоо комиссиясы Сиздин жана талапкерлер А.Мойдиновдун, А.Файзуллаевдин, айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Файзуллаевдин катышуусунда жыйын өткөргөн. Жыйындын жүрүшүндө, М.Султанов көчөсүнө шагыл төгүү жергиликтүү элдин фондусунун жана демөөрчүлөрдүн эсебинен төлөнгөндүгү жана талапкерлердин буга тиешеси жоктугу аныкталган.

Араван аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан жогоруда аталган адамдардан түшүнүк кат алынган. М.Ахмедовдун түшүнүк катына ылайык, шагыл төгүү боюнча иштер С.Юсупов айылынын ар кайсы көчөсүндө анын өздүк эсебинен жыл сайын жүргүзүлүп тургандыгы, быйылкы жылы шагыл төгүүнү М.Султанов көчөсүндө башташканы, бул иштер жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоого тиешеси жоктугу, иш 2017-жылдын апрель айында башталгандыгы бирок аба ырайынын шарттарына байланыштуу токтотулуп, май айында кайра улантылгандыгы айтылат.

Алынган документтердин негизинде Араван аймактык шайлоо комиссиясы Сиздин арызыңызды канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө 2017-жылдын 21-майындагы №14 чечимин кабыл алган жана айыл өкмөтүнө, демөөрчүлөргө жана жергиликтүү активге шагыл төгүү иштерин шайлоо процесстери аяктаганга чейин токтото туруу сунушталган.

Көрсөтүлгөн материалдарды иликтеп чыгып, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу тобу төмөнкүдөй жыйынтыкка келди:

008791

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык: *"Шайлоо дайындалган учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырууга тыюу салынат: акча каражаттарын төлөп берүүгө; белектерди жана башка материалдык баалуулуктарды тапшырууга; товарларды жеңилдетилген баада сатууга; саясий партиянын символун, талапкердин сүрөтүн камтыган басылма үгүт материалдарын, төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн орогучтарды албаганда, ар кандай товарларды акысыз таркатууга; акысыз же жеңилдетилген шартта кызмат көрсөтүүгө".*

Берилген материалдардан көрүнүп тургандай депутаттыкка талапкерлердин аракетинде шайлоо мыйзамынын шайлоочуну сатып алуу бөлүгүндөгү ченемдерди бузуу фактылары тастыкталган жок.

Жумушчу топтун жыйынына даттануучулар жана кызыкдар тараптар келишкен жок. Жыйындын өтүү күнү жана датасы жеткиликтүү деңгээлде билдирилген.

Ошону менен, Сиздин шайлоочуларды сатып алуу фактысы жөнүндө даттанууңуз канааттандыруудан баш тартууга жатат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3,7,18-беренелерин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 20-октябрындагы №164 токтому менен бекитилген "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу тобу жөнүндө" Жобонун 3.1. пунктун жетекчиликке алып, Жумушчу топ Сиздин шайлоо мыйзамы бузулгандыгы жөнүндө даттанууңузду канааттандыруудан баш тартууну чечти.

**КР БШК мүчөсү,**

**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

Атк.: Уметалиев К.К.
тел.: 62 01 84